**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН БИЛИМ БЕРҮҮ ЖАНА ИЛИМ МИНИСТРЛИГИ**

**МИНИСТЕРСТВО ОБРАЗОВАНИЯ И НАУКИ КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКИ**

---

**БУЙРУК**
**ПРИКАЗ**

______________________№_______

Бишкек ш.
г.Бишкек

# Кыргыз Республикасынын кесиптик жогорку билим берүү уюмдарынын 2024-2030-жылдарга түзүлгөн финансылык автономиясынын Стратегиясын ишке ашыруу боюнча жол картасын бекитүү жөнүндө

Мамлекеттик кесиптик жогорку билим берүү уюмдарынын финансылык, материалдык жана интеллектуалдык ресурстарын консолидациялоо, алардын потенциалын жана билим берүү кызмат көрсөтүүлөрүнүн дүйнөлүк рыногунда атаандаштыкка жөндөмдүүлүгүн жогорулатуу жана “Билим берүү жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Мыйзамын ишке ашыруу максатында ***буйрук кылам:***

1. Төмөнкүлөр бекитилсин:

1) 2024-2030-жылдарга Кыргыз Республикасынын кесиптик жогорку билим берүү уюмдарынын финансылык автономия стратегиясы 1-тиркемеге ылайык;

2) Кыргыз Республикасынын кесиптик жогорку билим берүү уюмдарынын 2024-2030-жылдарга түзүлгөн финансылык автономиясынын Стратегиясын ишке ашыруу боюнча жол картасы 2-тиркемеге ылайык.

2. Бул буйруктун аткарылышын контролдоо Жогорку, орто кесиптик жана жогорку окуу жайдан кийинки билим берүү башкармалыгына (А.Т. Исираилова) жүктөлсүн.

Негизи: Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлигинин 2024-жылдын 15-апрелиндеги №565/1 буйругу.

**Министрдин орун басары** **Абазбек уулу Р.**

ДОКУМЕНТ ЭЛЕКТРОНДУК САНАРИП КОЛТАМГАСЫ МЕНЕН БЕКИТИЛГЕН

**1-тиркеме**

**2024-2030-жылдарга Кыргыз Республикасынын кесиптик жогорку билим берүү уюмдарынын финансылык автономия СТРАТЕГИЯСЫ**

## 1. Негизги түшүнүктөр

1. Стратегияда төмөнкү терминдер жана аларга тиешелүү аныктамалар колдонулат:

1) **автономия** – билим берүү уюмунун билим берүү, административдик жана финансылык-экономикалык ишти өз алдынча жүзөгө ашыруу, анын ичинде адам ресурстарын жана активдерди башкаруу маселелери боюнча башкаруучулук чечимдерди кабыл алуу, «Билим берүү жөнүндө» Мыйзамына жана билим берүү уюмунун уставына ылайык билим берүү жана башка иштерди колдоо жана өнүктүрүү үчүн бюджеттик жана бюджеттен тышкаркы каражаттарды тескөө укугу;

2) **адистештирилген кесиптик жогорку билим берүү уюмдары** (консерватория, жогорку аскердик училище ж. б.) – профилдүү окуу жайы, ал:

- кесиптик жогорку билим берүү жана жогорку окуу жайдан кийинки жогорку билим берүү программаларын ишке ашырат;
- жогорку билимдүү кызматкерлерди, кесиптик иштин белгилүү бир тармагы үчүн илимий жана илимий-педагогикалык кадрларды даярдоону, кайра даярдоону жана квалификациясын жогорулатууну жүзөгө ашырат;
- колдонмо илимий изилдөөлөрдү жүргүзөт;

3) **академия** – кесиптик жогорку билим берүү уюму, ал:

- кесиптик жогорку билим берүү жана жогорку окуу жайдан кийинки жогорку билим берүү программаларын ишке ашырат;
- илимдин же маданияттын тармактары боюнча фундаменталдык жана колдонмо изилдөөлөрдү жүргүзөт;
- адистерди даярдоону, кайра даярдоону, жогорку билимдүү кызматкерлердин квалификациясын жогорулатууну, ошондой эле илимий жана илимий-педагогикалык кадрларды даярдоону жүзөгө ашырат;
- өзүнүн ишинин тармактары боюнча илимий жана илимий-методикалык борбор болуп саналат;

4) **акы төлөнүүчү билим берүү иши** – мамлекеттик жана муниципалдык билим берүү уюмунда акы төлөөнүн негизинде көрсөтүлүүчү билим берүү кызматы;

5) **жогорку окуу жайынан кийинки кесиптик билим берүү** – кесиптик жогорку билим берүүнүн базасында билим деңгээлин, илимий, педагогикалык квалификациясын жогорулатуу мүмкүнчүлүгүн берүүгө багытталган билим берүү деңгээли;

6) **жогорку окуу жайлардын финансылык автономиясынын модели** – финансылык башкаруунун натыйжалуу жол-жоболору менен автономия шарттарында кесиптик жогорку билим берүү уюмунун финансылык ишинин процесстерин көлөмдүү берүү, анын киргизилиши билим берүү процессинин негизги катышуучуларынын финансылык маселелеринде натыйжалуулуктун, атаандаштыкка жөндөмдүүлүктүн жана муктаждыктардын канааттандырылышынын жогорулашына алып келет;

ДОКУМЕНТ ЭЛЕКТРОНДУК САНАРИП КОЛТАМГАСЫ МЕНЕН БЕКИТИЛГЕН

7) **институт - кесиптик жогорку билим берүү уюму же анын түзүмдүк бөлүмү**, ал:

- кесиптик жогорку билим берүү жана жогорку окуу жайдан кийинки жогорку билим берүү программаларын ишке ашырат;

- адистерди даярдоону, кайра даярдоону, жогорку билимдүү кызматкерлердин квалификациясын жогорулатууну, кесиптик иштин белгилүү бир тармагы үчүн илимий жана илимий-педагогикалык кадрларды даярдоону жүзөгө ашырат;

- белгилүү профилдер боюнча фундаменталдык жана колдонмо мүнөздөгү илимий изилдөөлөрдү жүргүзөт;

8) **каржылоонун ваучердик механизми** – республикалык бюджетте каралган бюджеттик каражаттар менчигинин түрүнө карабастан билим берүү уюмдарында окуп жаткандардын артынан жүрүүчү мамлекеттик каржылоо методу;

9) **кесиптик жогорку билим берүү** – бакалаврларды, адистерди жана магистрлерди тийиштүү билим берүү программалары жана стандарттары боюнча даярдоого жана кайра даярдоого багытталган билим берүү деңгээли;

10) **мамлекеттик билим берүү гранты** – билим алуучуга (грант алуучуга) менчигинин түрүнө карабастан Кыргыз Республикасынын кесиптик орто жана жогорку билим берүү уюмдарында тизмеги Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети тарабынан бекитилүүчү адистиктер боюнча окуу үчүн берилүүчү республикалык бюджеттин каражаттары;

11) **социалдык билим берүү кредити** – бул Кыргыз Республикасынын билим берүү уюмдарында окууну төлөө үчүн Министрлер Кабинети тарабынан субсидияланууч у жеңилдетилген кредит;

12) **университет -** кесиптик жогорку билим берүү уюму, ал:

- даярдоонун багыттарынын (адистиктеринин) кеңири спектри боюнча кесиптик жогорку билим берүү жана жогорку окуу жайдан кийинки жогорку билим берүү программаларын ишке ашырат;

- илимдин кеңири спектри боюнча фундаменталдык жана колдонмо изилдөөлөрдү жүргүзөт;

- адистерди даярдоону, кайра даярдоону, жогорку билимдүү кызматкерлердин квалификациясын жогорулатууну, ошондой эле илимий жана илимий-педагогикалык кызматкерлерди (кандидаттарды, илимдин докторлорун, философия докторлорун (PhD)/профили боюнча докторлорду) даярдоону жүзөгө ашырат;

- иштин белгилүү бир багыты боюнча илимий жана илимий-методикалык борбор болуп саналат.

13) **финансылык автономия** – билим берүү уюмунун финансылык-экономикалык ишин өз алдынча жүргүзүү укугу.

## 2. Киришүү

Билим берүү Кыргыз Республикасынын мамлекеттик саясатынын артыкчылыктуу стратегиялык багыты болуп саналат. Кыргыз Республикасынын Билим берүү системасы олуттуу жана көп багыттуу өзгөрүү жолунан өтүүдө: билим берүүнүн мазмунуна, түзүмүнө жана формасына өзгөртүүлөр киргизилүүдө, билим берүүнүн сапатын камсыз

ДОКУМЕНТ ЭЛЕКТРОНДУК САНАРИП КОЛТАМГАСЫ МЕНЕН БЕКИТИЛГЕН

кылуу боюнча процесстер өнүгүүдө. Кыргыз Республикасынын "Билим берүү жөнүндө" жаңы Мыйзамы кабыл алынган (2023-жылдын 11-августу №179). Анда билим берүү уюмунун билим берүү, административдик жана финансы-экономикалык ишмердикти өз алдынча жүзөгө ашыруу, башкаруу чечимдерин, анын ичинде адам ресурстарын жана активдерин башкаруу маселелери боюнча чечимдерди кабыл алуу, "Билим берүү жөнүндө" Мыйзамга жана билим берүү уюмунун уставына ылайык билим берүү, илимий жана башка ишмердүүлүктү колдоо жана өнүктүрүү үчүн бюджеттик жана бюджеттен тышкаркы каражаттарды тескөө укугу катары автономия түшүнүгү биринчи жолу бекемделген.

Билим берүү уюмдарынын автономиясы мамлекеттин билим берүү чөйрөсүндөгү саясатынын негизги принциптеринин бири болуп саналат.

Кыргыз Республикасынын "Билим берүү жөнүндө" Мыйзамынын 13-беренесине ылайык Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлигинин билим берүүнү каржылоо маселелери боюнча ыйгарым укуктарына төмөнкүлөр кирет:

- билим берүү уюмдарын каржылоо тартибин иштеп чыгуу;
- билим берүү системасын каржылоонун жана башкаруунун натыйжалуулугуна көз карандысыз баа берүүнү уюштуруу;
- билим берүү кызматтарынын экспортун өнүктүрүүгө, ошондой эле билим берүү чөйрөсүнө инвестицияларды тартууга көмөктөшүү.

Ошондой эле ушул Мыйзамдын 32-беренесине ылайык кесиптик жогорку билим берүү инсандын билимин тереңдетүүдө жана кеңейтүүдө муктаждыктарын канааттандыруу максатында бакалаврларды, адистерди жана магистрлерди даярдоону жана кайра даярдоону өзүнө камтыйт.

Кыргыз Республикасында кесиптик жогорку жана жогорку окуу жайдан кийинки билим берүүнү жүзөгө ашыруучу билим берүү уюмдарынын төмөнкүдөй типтери иштейт: университеттер, институттар, академиялар, адистештирилген кесиптик жогорку билим берүү уюмдары.

2024 – жылга карата кесиптик жогорку билим берүү уюмдарынын саны 81ди түзөт, анын ичинде мамлекеттик кесиптик жогорку билим берүү уюмдары – 30, жеке менчик - 51.

Кыргыз Республикасынын Президентинин 2022-жылдын 18-июлундагы ПЖ № 243 "Кыргыз Республикасынын жогорку кесиптик билим берүүсүнүн билим берүү уюмдарынын потенциалын жана атаандаштыкка жөндөмдүүлүгүн жогорулатуу боюнча чаралар жөнүндө" Жарлыгы менен Кыргыз Республикасынын төмөнкү мамлекеттик кесиптик жогорку билим берүү уюмдарын кайра уюштуруу жүргүзүлдү:

- илимий-изилдөө университети деген статусту берип, Бизнес жана социалдык өнүктүрүү академиясын кошуу менен М. Рыскулбеков атындагы Кыргыз экономикалык университетин;
- Кыргыз мамлекеттик юридикалык университетин кошуу менен Ж. Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университетин;
- Ош мамлекеттик юридикалык институтун кошуу менен Ош мамлекеттик университетин;
- Н. Исанов атындагы Кыргыз мамлекеттик курулуш, транспорт жана архитектура университетин, Академик У. Асаналиев атындагы Кыргыз

ДОКУМЕНТ ЭЛЕКТРОНДУК САНАРИП КОЛТАМГАСЫ МЕНЕН БЕКИТИЛГЕН

мамлекеттик геология, тоо-кен иштери жана жаратылыш ресурстарын өздөштүрүү университетин кошуу менен И. Раззаков атындагы Кыргыз мамлекеттик техникалык университетин.

Ушул эле Жарлык менен төмөнкү 6 кесиптик жогорку билим берүү уюмуна кеңири уюштуруучулук, финансылык жана академиялык автономия берүү каралган өзгөчө статус берилген:

- Ж. Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университети;
- И. Раззаков атындагы Кыргыз мамлекеттик техникалык университети;
- К. И. Скрябин атындагы Кыргыз улуттук агрардык университети;
- И. К. Ахунбаев атындагы Кыргыз мамлекеттик медициналык академиясы;
- Ош мамлекеттик университети;
- “Россия Федерациясынын биринчи Президенти Б.Н.Ельцин атындагы Кыргыз-Россия Славян университети” жогорку кесиптик билим берүүнүн мамлекеттик билим берүү мекемеси.

Кыргыз Республикасынын Улуттук статистика комитетинин 2022-жылга карата маалыматы боюнча 17 кесиптик жогорку билим берүү уюмдары республиканын региондорунда, 44ү Бишкек шаарында жайгашкан. Кыргыз Республикасынын Улуттук статистика комитетинин маалыматы боюнча 2022-жылы Кыргыз Республикасынын кесиптик жогорку билим берүү уюмдарына тапшыргандардын саны 38,8 миң адам, анын ичинде мамлекеттик кесиптик жогорку билим берүү уюмдарына – 34,1 миң адам, жеке менчик кесиптик жогорку билим берүү уюмдарында – 5,3 миң адам, студенттерди бүтүрүү 2022-жылы бардыгы 35,1 миң адам, анын ичинде мамлекеттик кесиптик жогорку билим берүү уюмдарында – 29,8 миң адам, жеке кесиптик жогорку билим берүү уюмдарында – 5,3 миң адам.

24 мамлекеттик кесиптик жогорку билим берүү уюмдары Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлигине түздөн-түз баш иет жана дагы 6 кесиптик жогорку билим берүү уюмдары профилдүү министрликтерге баш иет. Республикада чет өлкөлүк жарандарды (Индия, Пакистан, Бангладеш, Непал) англис тилинде окуткан медициналык кесиптик жогорку билим берүү уюмдары ийгиликтүү иштеп жатат.

Ведомстволук таандыгы боюнча мамлекеттик кесиптик жогорку билим берүү уюмдары Кыргыз Республикасынын Башкы прокуратурасы, Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлигине, Кыргыз Республикасынын Саламаттык сактоо министрлигине, Кыргыз Республикасынын Ички иштер министрлигине, Кыргыз Республикасынын Тышкы иштер министрлигине, Кыргыз Республикасынын Коргоо министрлигине, Кыргыз Республикасынын Транспорт жана жол министрлигине ж. б. баш ийет.

Төмөнкүдөй мамлекеттер аралык кесиптик жогорку билим берүү уюмдары иштейт: Россия Федерациясынын биринчи Президенти Б.Н.Ельцин атындагы Кыргыз-Россия Славян университети, Кыргыз-Түрк “Манас” университети.

Акы төлөнүүчү билим берүү иш-аракеттери Кыргыз-Түрк Манас университетинен тышкары дээрлик бардык кесиптик жогорку билим берүү уюмдарында жүргүзүлөт.

ДОКУМЕНТ ЭЛЕКТРОНДУК САНАРИП КОЛТАМГАСЫ МЕНЕН БЕКИТИЛГЕН

Мындан тышкары, Кыргыз Республикасында мамлекеттик-жеке менчик кесиптик жогорку билим берүү уюмдары мамлекеттик каржылоосуз иштейт: Кыргызстан Эл аралык университети жана М. Рыскулбеков атындагы Кыргыз экономикалык университети.

Кыргыз Республикасынын Улуттук статистика комитетинин маалыматтары боюнча 2022-жылга билим берүүгө мамлекеттин чыгымдары 2022-жылы 9 635,3 млн.сомду түздү.

## 3. Кыргыз Республикасынын кесиптик жогорку билим берүү уюмдарынын финансылык автономия Стратегиясынын максаты, милдеттери жана негизги принциптери

Ушул **Стратегиянын** (мындан ары – Стратегия) **максаты** кесиптик жогорку билим берүү уюмдарынын кызыкчылыктарын кепилдөөгө жана Кыргыз Республикасынын туруктуу социалдык-экономикалык өнүгүүсүн камсыз кылууга көмөк көрсөтүүгө багытталган финансылык автономияны киргизүү, ишке ашыруу жана өнүктүрүү үчүн мамлекеттик системаны жана саясатты түзүү болуп саналат.

**Стратегиянын милдеттери:**

1) Кыргыз Республикасынын кесиптик жогорку билим берүү уюмдарынын финансылык автономиясы боюнча бирдиктүү система жана саясат үчүн негиздерди түзүү;

2) Кыргыз Республикасынын кесиптик жогорку билим берүү уюмдарынын финансылык автономиясы жаатында бирдиктүү түшүнүк жана методологиялык аппаратты түзүү;

3) кесиптик жогорку билим берүү уюмдарынын финансылык автономиясын киргизүү, ишке ашыруу жана өнүктүрүү үчүн ченемдик укуктук негиздерди түзүү;

4) Кыргыз Республикасынын кесиптик жогорку билим берүү уюмдарын каржылоонун колдонуудагы системасын модернизациялоо;

5) Кыргыз Республикасынын кесиптик жогорку билим берүү уюмдарынын финансылык автономиясы үчүн кадрдык потенциалдын деңгээлин жогорулатуу.

**Стратегиянын негизги принциптери:**

1) мыйзамдуулук;

2) ачыктык;

3) тараптардын тең укуктуулугу;

4) айкындуулук.

## 4.Кыргыз Республикасынын кесиптик жогорку билим берүү уюмдарындагы финансылык ишмердүүлүктү жана финансылык автономия боюнча кырдаалды талдоо

Мамлекеттик кесиптик жогорку билим берүү уюмдар республикалык бюджеттен Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлиги, Кыргыз Республикасынын Саламаттык сактоо министрлиги, Кыргыз Республикасынын Маданият, маалымат жана туризм министрлиги, Кыргыз Республикасынын Транспорт жана жол министрлиги, Кыргыз

ДОКУМЕНТ ЭЛЕКТРОНДУК САНАРИП КОЛТАМГАСЫ МЕНЕН БЕКИТИЛГЕН

Республикасынын Ички иштер министрлиги, Кыргыз Республикасынын Тышкы иштер министрлиги аркылуу каржыланат.

Мамлекеттик кесиптик жогорку билим берүү уюмдарын каржылоо ар бир студентке эсептелген типтүү ченемдердин негизинде, бир студентке иш жүзүндөгү чыгымдарды ырааттуу көбөйтүү принцибине жараша жүзөгө ашырылат.

Азыркы учурда мамлекеттик кесиптик жогорку билим берүү уюмдарынын бир студентин каржылоонун ченеми (мамлекеттик билим берүү грантынын базалык деңгээли) Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2016-жылдын 1-июлундагы №370 “Мамлекеттик билим берүү грантынын өлчөмдөрүнүн негизинде Кыргыз Республикасынын Кесиптик жогорку билим берүү уюмдарын республикалык бюджеттин каражаттарынан каржылоонун тартиби жөнүндө” токтомуна ылайык студентке карата каржылоо жылына 26 360 сомду түзөт.

Ушул эле токтом менен даярдоо багыттарынын (адистиктердин) топтору үчүн мамлекеттик билим берүү грантынын базалык деңгээлине түзөтүүчү коэффициенттер белгиленген.

Бюджеттик каражаттар менен катар кесиптик жогорку билим берүү уюмдарынын каржылоо булактары болуп төмөнкүлөр саналат:

- уюштуруучу катары чыккан жеке жана юридикалык жактардын, чет мамлекеттердин жана жарандардын каражаттары;

- кесиптик жогорку билим берүү уюмдарынын өздүк каражаттары, анын ичинде Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында тыюу салынбаган консультациялык, илимий-изилдөө, басма, өндүрүштүк жана башка киреше алып келүүчү иштерден, ошондой эле негизги жана кошумча билим берүү программаларынын бардык түрлөрү боюнча бюджеттен тышкаркы билим берүү ишинен, анын ичинде мамлекеттик билим берүү стандарттарынын талаптарынын чектериндеги валюталык каражаттар;

- жеке жана юридикалык жактардын ыктыярдуу салынган каражаттары, башка жеке жана юридикалык жактардын, анын ичинде чет өлкөлүк жактардын ыктыярдуу кайрымдуулуктары жана максаттуу төгүмдөрү;

- кредиттер;

- Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына каршы келбеген башка булактар.

Мамлекеттик кесиптик жогорку билим берүү уюмдарын каржылоонун негизги булагы бюджеттик каражаттар менен катар акы төлөнүүчү билим берүү кызматынан түшкөн каражаттар болуп саналат, алар кесиптик жогорку билим берүү уюмдарынын чыгымдарынын жалпы 80% дан ашык көлөмүн түзөт.

Жеке менчик кесиптик жогорку билим берүү уюмдарын каржылоонун аныктоочу булагы – акы төлөнүүчү билим берүү кызматынан түшкөн каражаттар, ошондой эле уюштуруучулардын каражаттары.

Жеке менчик кесиптик жогорку билим берүү уюмдарын каржылоонун ченемдери мамлекеттик билим берүү уюмдарын каржылоонун ченемдеринен төмөн болушу мүмкүн эмес.

Кошумча булактарды тартуу мамлекеттик бюджеттен каржылоонун ченемдерин же абсолюттук өлчөмдөрүн азайтууга алып келбейт.

ДОКУМЕНТ ЭЛЕКТРОНДУК САНАРИП КОЛТАМГАСЫ МЕНЕН БЕКИТИЛГЕН

Билим берүү программаларын ишке ашырууда билим берүү процессинин ар кандай методикаларын жана билим берүү технологияларын, анын ичинде аралыктан билим берүү технологияларын билим берүү уюмдарынын пайдалануусу аларды каржылоонун нормативдерин көбөйтүүгө алып келбейт.

Мамлекеттик бюджеттен билим берүү уюмуна бөлүнгөн каражаттар мамлекеттик казына тарабынан контролдонот. Билим берүү уюму иштеп тапкан калган бардык каражаттар да казыналыктын, кесиптик жогорку билим берүү уюмдарынын Камкорчулук кеңештеринин жана коомдук институттардын көзөмөлүндө болот.

Кыргыз Республикасынын 15 кесиптик жогорку билим берүү уюмдарынын финансылык ишмердүүлүгүнүн абалы боюнча 2023-жылы Эрасмус+ “Кыргызстандагы университеттердин финансылык автономиясын өнүктүрүү” долбоору алкагында жүргүзүлгөн сурамжылоонун жыйынтыктарынын жалпы анализи төмөнкүлөрдү көрсөттү:

1. Респонденттердин көбү кесиптик жогорку билим берүү уюмдарына финансылык автономияны киргизүү зарыл деп эсептешет.
2. Финансылык автономияда негизги тобокелчиликтер финансылык отчеттуулуктун эл аралык стандарттарын, аудиттин эл аралык стандарттарын билген жана тажрыйбасы бар кадрлардын жетишсиздигин, финансылык ресурстарды натыйжалуу пайдаланбоону жана өндүрүш процессин, уюштуруу түзүмүн жана сатып алуу саясатын талдоо жана оптималдаштыруу үчүн заманбап финансылык менеджменттин инструменттерин түшүнбөгөндүгүн белгилешти.
3. Респонденттер финансылык автономиянын оң жактарын финансылык пландоодо агенттик, каржылоого артыкчылык берүүдө өз алдынчалуулук жана текшерүүчү органдарды кыскартуу деп эсептешет.

Мамлекеттик кесиптик жогорку билим берүү уюмдарында киреше булактарынын негизги бөлүгүн бюджеттик каражаттар эмес, окуу үчүн акы төлөө же контракттык каражаттар түрүндө түшкөн каражаттар түзөт, ал эми кошумча булактардын басымдуу бөлүгүн эл аралык гранттар, демөөрчүлүк каражаттар түзөт. Мында студенттер үчүн кесиптик жогорку билим берүү уюмдарынын финансылык ишмердүүлүгүнүн ачык-айкындуулугу жетишсиз камсыздалган.

Финансылык автономиянын моделин иштеп чыгууда жана аны Кыргыз Республикасынын кесиптик жогорку билим берүү уюмдарына киргизүүдө финансылык отчеттуулуктун эл аралык стандарттарын, аудиттин эл аралык стандарттарын билген жана тажрыйбасы бар кадрларды тартуу, финансылык ресурстарды пайдалануунун натыйжалуулугуна жана өндүрүштүк процессти, уюштуруу түзүмүн жана сатып алуу саясатын талдоо жана оптималдаштыруу боюнча заманбап финансылык менеджментти киргизүү үчүн менеджерлерди даярдоо маселелерин күчөтүүгө көңүл буруу зарыл.

## 5. Кыргыз Республикасынын кесиптик жогорку билим берүү уюмдарынын финансылык автономиясын иштеп чыгуунун жана аны киргизүүнүн көрүнүшү, максаттары жана этаптары

ДОКУМЕНТ ЭЛЕКТРОНДУК САНАРИП КОЛТАМГАСЫ МЕНЕН БЕКИТИЛГЕН

Кыргыз Республикасынын кесиптик жогорку билим берүү уюмдары 2030-жылга карата толук финансылык автономияга ээ болуп, аны киргизүү алардын академиялык жана финансылык потенциалын жогорулатат.

**Кесиптик жогорку билим берүү уюмдарынын финансылык автономиясынын максаты**: тышкы жана ички инфраструктураны жакшыртуу, жогорку квалификациялуу кадрларды тартуу, кесиптик жогорку билим берүү уюмдарынын эл аралык рейтингине кирүү максатында финансылык каражаттарды натыйжалуу тартуу жана пайдалануу, өзүн-өзү жөнгө салуу жана өзүн-өзү каржылоо бөлүгүндө өз алдынча финансылык-экономикалык ишмердүүлүктү жүргүзүүгө укук берүү.

Финансылык автономия шартында кесиптик жогорку билим берүү уюмдарынын финансылык ишине мамлекеттик көзөмөл мамлекеттик бюджеттин каражаттары бөлүгүндө гана жүзөгө ашырылат. Кесиптик жогорку билим берүү уюмдарынын финансылык каражаттарынын болжол менен 10-20% мамлекет, ал эми 80-90% Камкорчулар кеңеши жана башка ички көзөмөл органдары аркылуу өз алдынча көзөмөлдөйт.

**Кесиптик жогорку билим берүү уюмдарына финансылык автономияны киргизүүнүн жолдору:**

1) ашыкча көз карандылык тобокелдигин азайтууга жана автономияны жогорулатууга алып келүүчү киреше булактарын диверсификациялоо;

2) инновациялык тажрыйбаларды киргизүүгө жана технологияларды өткөрүп берүү жөнүндө макулдашууларды түзүүгө көмөктөшүүчү ишкердик жана стратегиялык өнөктөштүк;

3) отчеттуулук жана ачыктык, ишенимди жогорулатуу жана коом менен мамилелерди өнүктүрүү;

4) ресурстарды натыйжалуу бөлүштүрүү, анткени жогорку натыйжалуулук билим алуу акысынын деңгээлин төмөндөтүп, башкарууда көбүрөөк ийкемдүүлүктү камсыз кылат.

**Финансылык автономия модели** менчигинин түрү ар башка болгон кесиптик жогорку билим берүү уюмдар үчүн финансылык автономиялуулукту киргизүүдө жана ишке ашырууда негизги инструмент болот.

Кыргыз Республикасынын кесиптик жогорку билим берүү уюмдарынын финансылык автономиясынын модели төмөнкүлөрдү камтыйт:

1) менчик түрү боюнча кесиптик жогорку билим берүү уюмдарынын типтери жана алардын финансылык автономиясынын натыйжалуулугуна бардык кызыкдар тараптар;

2) кесиптик жогорку билим берүү уюмдарын каржылоонун ар кандай булактары, анын ичинде ваучердик каржылоосу бар мамлекеттик бюджет;

4) финансылык автономия процесстерин жөнгө салуучу ченемдик актылардын түрлөрү;

5) финансылык процесстерди жана жол-жоболорду, анын ичинде сатып алуулардын жол-жоболорун ишке ашыруунун ачыктыгын камсыз кылуу механизмдери;

6) кесиптик жогорку билим берүү уюмдарынын кадр саясатын өркүндөтүүнүн механизмдери;

ДОКУМЕНТ ЭЛЕКТРОНДУК САНАРИП КОЛТАМГАСЫ МЕНЕН БЕКИТИЛГЕН

7) кесиптик жогорку билим берүү уюмдарынын финансылык потенциалын жогорулатууга таасир этүүчү негизги иш-аракеттерди камтыган финансылык башкаруу процесстери:

- ички жана тышкы чөйрөгө өз убагында жооп берүүгө мүмкүндүк берүүчү финансылык пландоо боюнча иш-аракеттер;
- кирешелерди жана чыгашаларды бөлүштүрүү механизмдери;
- финансылык процесстерди жана жол-жоболорду андан ары талдоо жана корректировкалоо менен мониторинг, аудит механизмдери;
- автономия шарттарында финансылык ишмердүүлүктү жакшыртуу боюнча иш-чаралар.

Иштелип чыккан модель сунуш берүүчү мүнөзгө ээ жана аны ар бир университет өзүнүн миссиясына жана милдеттерине ылайыкташтыра алат.

Кесиптик жогорку билим берүү уюмдарынын финансылык автономиясынын максаттарына жетүү үчүн төмөнкү этаптар боюнча иш-чараларды ишке ашыруу зарыл:

**Даярдоо этабы. Кыргыз Республикасынын кесиптик жогорку билим берүү уюмдарынын финансылык автономиясы боюнча саясатты иштеп чыгуу.**

1. Кыргыз Республикасынын кесиптик жогорку билим берүү уюмдарынын финансылык автономиясы боюнча кырдаалды талдоо, ошондой эле эл аралык тажрыйбаны изилдөө;
2. Өзгөртүүлөрдү жана толуктоолорду киргизүү зарыл болгон ченемдик-укуктук актылардын тизмегин аныктоо;
3. Кыргыз Республикасынын кесиптик жогорку билим берүү уюмдарынын финансылык автономиясы боюнча, анын ичинде менчигинин түрү аралаш болгон кесиптик жогорку билим берүү уюмдар үчүн жаңы ченемдик-укуктук актыларды иштеп чыгуу.

**Негизги этап. Финансылык автономиянын моделин иштеп чыгуу жана аны Кыргыз Республикасынын кесиптик жогорку билим берүү уюмдарына киргизүү.**

1. Кыргыз Республикасынын кесиптик жогорку билим берүү уюмдарынын финансылык автономиясынын моделинин концептуалдык схемасын иштеп чыгуу;
2. Кыргыз Республикасынын кесиптик жогорку билим берүү уюмдарынын финансылык автономиясынын моделин пилоттоо жана пилоттук жогорку окуу жайларында кызматкерлердин потенциалын жогорулатуу;
3. кесиптик жогорку билим берүү уюмдардын финансылык автономия моделин практикада колдонуу боюнча методикалык колдонмону иштеп чыгуу;
4. кызыкдар тараптарды окутуу жана консультация берүү.

**Акыркы этап. Кыргыз Республикасында кесиптик жогорку билим берүү уюмдарынын финансылык автономиясынын моделин жолго коюу.**

1. Кыргыз Республикасынын кесиптик жогорку билим берүү уюмдарынын финансылык автономиясынын модели жөнүндө маалымат берүү, методикалык материалдарды жана тажрыйбаны жайылтуу;

ДОКУМЕНТ ЭЛЕКТРОНДУК САНАРИП КОЛТАМГАСЫ МЕНЕН БЕКИТИЛГЕН

2. Кыргыз Республикасынын кесиптик жогорку билим берүү уюмдарынын финансылык автономиясынын моделдерин киргизүү жана колдонуу практикасын жолго коюу;

Этаптардын жана аткаруу мөөнөттөрүн деталдаштыруу Кыргыз Республикасынын кесиптик жогорку билим берүү уюмдарынын 2024-2030-жылдарга финансылык автономия стратегиясын ишке ашыруу боюнча Жол картасында көрсөтүлгөн (тиркеме).

## 6.Стратегияны ишке ашыруунун күтүлүүчү натыйжалары, өбөлгөлөрү жана тобокелчиликтери

Ушул стратегиянын жоболорун кабыл алуу жана өз убагында ишке ашыруу үчүн мындан ары **мүмкүнчүлүк берет**:

- Кыргыз Республикасынын ыйгарым укуктуу мамлекеттик органдарынын, кесиптик жогорку билим берүү уюмдардын жана башка кызыкдар тараптардын иш пландарын иштеп чыгуу үчүн шарттарды түзүү;

- кесиптик жогорку билим берүү уюмдардын финансылык автономиясын өнүктүрүүдө бардык кызыкдар тараптардын маалыматтык-ресурстук колдоосу жана өз ара аракеттенүүсү үчүн аянтча түзүү;

- кесиптик жогорку билим берүү уюмдарына финансылык автономия процессин киргизүүнүн, ишке ашыруунун жана өнүктүрүүнүн ченемдерин жана эрежелерин аныктаган, ошондой эле катышуучу мамлекеттик органдардын ишин жөнгө салуучу бирдиктүү түшүнүк аппаратын жана укуктук базаны түзүү;

- кесиптик жогорку билим берүү уюмдардын финансылык автономиясын ишке киргизүү, ишке ашыруу жана өнүктүрүү процессинин катышуучуларын кесиптик даярдоо жана квалификациясын жогорулатуу боюнча региондук жана эл аралык өнөктөштөр менен өз ара аракеттенүүнү түзүү жана ишке киргизүү.

**Стратегияны ийгиликтүү ишке ашыруунун өбөлгөлөрү:**

а) кесиптик жогорку билим берүү уюмдардын финансылык автономиясын киргизүү, ишке ашыруу жана өнүктүрүү маселелеринде мамлекеттик бийлик органдары тарабынан колдоонун болушу;

б) Кыргыз Республикасынын кесиптик жогорку билим берүү уюмдарынын финансылык автономия принциптерин жана процесстерин өз ишмердүүлүгүнө киргизүүгө даярдыгы;

в) Кыргыз Республикасынын кесиптик жогорку билим берүү уюмдарына финансылык автономиясын киргизүүгө, ишке ашырууга жана өнүктүрүүгө көмөк көрсөтүүгө эл аралык өнөктөштөрдүн жана эл аралык уюмдардын кызыкчылыгы.

Жогоруда көрсөтүлгөн өбөлгөлөр менен бирге Стратегияны ишке ашыруу процессинде төмөнкүдөй **тобокелчиликтер** болушу мүмкүн:

- стратегияны ишке ашыруу боюнча иштин белгиленген багыттарынан четтөө;

- жүргүзүлүп жаткан кайра түзүүлөрдүн маанисин түшүнүүнүн жоктугу жана ага ылайык айрым демилгелерди жана чечимдерди кабыл алууну создуктуруу, мүмкүн, аларды мамлекеттик органдар тарабынан бөгөт коюу;

ДОКУМЕНТ ЭЛЕКТРОНДУК САНАРИП КОЛТАМГАСЫ МЕНЕН БЕКИТИЛГЕН

- кесиптик жогорку билим берүү уюмдарынын финансылык автономиясы боюнча сапаттуу билимге жана тажрыйбага ээ кесипкөй кадрлардын жетишсиздиги;

- Стратегияны ишке ашыруу менен байланышкан долбоорлорго чектөө киргизүү же өз убагында каржылабоо.

## 7.Стратегияны ишке ашыруу процессине мониторинг жүргүзүү

Стратегияны ишке ашыруу процессине мониторинг жүргүзүү жана баалоо жыл сайын билим берүү чөйрөсүндөгү ыйгарым укуктуу мамлекеттик орган тарабынан жүргүзүлөт. Бул стратегиянын максаттарынан жана милдеттеринен мүмкүн болгон четтөөлөрдү алдын алууга жана иш-аракеттер планына зарыл түзөтүүлөрдү киргизүүгө мүмкүндүк берет.

## 8.Стратегияны ишке ашыруунун финансылык жана башка ресурстары

Стратегияны ишке ашырууга 2024-2025-жылдары эл аралык Эрасмус+ долбоору тарабынан бөлүнгөн каражаттар кесиптик жогорку билим берүү уюмдарынын финансылык автономиясын ишке киргизүүнүн, ишке ашыруунун жана өнүктүрүүнүн тийиштүү этаптарына каралган каражаттардын чегинде багытталат, ал эми андан ары Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына каршы келбеген башка булактардан каражаттар тартылышы мүмкүн.

ДОКУМЕНТ ЭЛЕКТРОНДУК САНАРИП
КОЛТАМГАСЫ МЕНЕН БЕКИТИЛГЕН

**2- тиркеме**

**Кыргыз Республикасынын кесиптик жогорку билим берүү уюмдарынын 2024-2030-жылдарга түзүлгөн финансылык автономиясынын Стратегиясын ишке ашыруу боюнча**
**ЖОЛ КАРТАСЫ**

| № | Милдеттер | Кадамдар, иш-чаралар | Күтүлүүчү натыйжалар | Ишке ашыруу мөөнөтү | Жооптуу аткаруучулар |
|---|---|---|---|---|---|
| 1 | 2 | 3 | 4 | 5 | 6 |
| **1.** | **Даярдоо этабы: Кыргыз Республикасынын кесиптик жогорку билим берүү уюмдарынын (мындан ары - КР КЖ ББУ) финансылык автономиясы боюнча саясатты иштеп чыгуу** | | | | |
| 1.1. | КР КЖ ББУнун финансылык автономиясы боюнча кырдаалды талдоо | 1.1.1. КЖ ББУнун финансылык автономиясы боюнча эл аралык тажрыйбаны талдоо | КЖ ББУнун финансылык автономиясынын улуттук моделин түзүү үчүн сунуштар иштелип чыкты жана кызыкдар тараптар тарабынан жактырылды | 2024 январь | КР Билим берүү жана илим министрлиги (КР ББжИМ)/ И.Раззаков атындагы Кыргыз мамлекеттик техникалык университети (КМТУ) |
| | | 1.1.2. КЖ ББУдагы финансылык автономиянын абалын талдоо | КЖ ББУнун өкүлдөрүнө жүргүзүлгөн сурамжылоонун жыйынтыктарынын негизинде сунуштар иштелип чыкты | 2024 январь | КР ББжИМ/ КМТУ |
| 1.2. | КР КЖ ББУнун финансылык автономиясы боюнча ченемдик укуктук | 1.2.1. КР ЖОЖдорунун финансылык автономиясынын стратегиясын иштеп чыгуу | КР ЖОЖдорунун финансылык автономия стратегиясы иштелип чыкты, кызыкдар тараптар менен макулдашылды жана КР ББИМдин буйругу менен бекитилди | 2024 февраль | КР ББжИМ/ КР каржы министрлиги (КР КМ) |

ДОКУМЕНТ ЭЛЕКТРОНДУК САНАРИП КОЛТАМГАСЫ МЕНЕН БЕКИТИЛГЕН

| | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|
| | актыларды иштеп чыгуу | 1.2.2. КЖ ББУнун финансылык автономиясы боюнча бирдиктүү түшүнүк аппаратын иштеп чыгуу | Финансылык автономия боюнча бирдиктүү түшүнүк аппараты иштелип чыкты | 2024 март | КР ББжИМ/ КР КМ |
| | | 1.2.3. Өзгөртүүлөрдү жана толуктоолорду киргизүү зарыл болгон ченемдик-укуктук актылардын тизмесин аныктоо | КЖ ББУнун финансылык автономиясы боюнча өзгөртүүлөрдү жана толуктоолорду киргизүү үчүн ченемдик-укуктук актылардын тизмеси изилденди жана аныкталды | 2024 март | КР ББжИМ/ КР КМ |
| | | 1.2.4. КЖ ББУнун финансылык автономиясы үчүн ченемдик-укуктук актыларга карата сунуштарды иштеп чыгуу | КЖ ББУнун Бюджеттик, Салык кодекстерине, билим берүү чөйрөсүндөгү ченемдик актыларга финансылык автономия боюнча зарыл болгон өзгөртүүлөр жана толуктоолор иштелип чыкты жана талкууланды | 2024 май | КР ББжИМ/ КР КМ |
| **2.** | **Негизги этап: финансылык автономия моделин иштеп чыгуу жана аны Кыргыз Республикасынын КЖ ББУларына киргизүү** | | | | |
| 2.1 | КР КЖ ББУнун финансылык автономиясынын моделин иштеп чыгуу | 2.1.1. КР КЖ ББУнун финансылык автономиясынын моделинин концептуалдык схемасын иштеп чыгуу | КР КЖ ББУнун менчик түрүн эске алуу менен финансылык автономия моделинин концептуалдуу схемасы иштелип чыкты жана жактырылды<br>Финансылык автономия модели кызыкдар тараптар тарабынан жактырылды | 2024 май | КР ББжИМ/ КМТУ |

ДОКУМЕНТ ЭЛЕКТРОНДУК САНАРИП КОЛТАМГАСЫ МЕНЕН БЕКИТИЛГЕН

| | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|
| 2.2 | КР КЖ ББУнун финансылык автономиясынын моделин киргизүү | 2.2.1. КЖ ББУнун финансылык автономиясынын моделин пилоттоо | Финансылык автономия модели КР пилоттук КЖ ББУларында апробацияланды.<br>КЖ ББУнун финансылык автономиясынын моделин өркүндөтүү боюнча сунуштар иштелип чыкты жана ЧУАга тиешелүү пункттар киргизилди | 2024 ноябрь | КМТУ/ Ош мамлекеттик университети (ОшМУ), Кыргызстан Эл аралык университети (КЭАУ), Эл аралык жогорку медициналык мектеби (ЭАЖММ) |
| | | 2.2.2. КЖ ББУнун финансылык автономиясы боюнча колдонмону иштеп чыгуу | КЖ ББУнун финансылык автономия моделин практикада колдонуу боюнча методикалык колдонмо иштелип чыкты | 2024 ноябрь | КМТУ/ ОшМУ |
| 2.3 | Потенциалды жогорулатуу | 2.3.1. Көндүмдөрдү өнүктүрүү борборун түзүү | КЖ ББУнун финансылык автономиясы боюнча кызыкдар тараптарды окутуу үчүн КМТУда Көндүмдөрдү өнүктүрүү борбору түзүлдү.<br>Борбордун ишмердүүлүгүн, жооптуу адамдарды, башка органдар менен өз ара аракеттенүүнү ж. б. көрсөтүү менен Көндүмдөрдү өнүктүрүү борбору жөнүндө жобо иштелип чыкты.<br>Жобонун долбоору КР ББИМ тарабынан жактырылды. | 2024 январь | КМТУ |
| | | 2.3.2. КЖ ББУнун финансылык | Көндүмдөрдү өнүктүрүү боюнча борбордун эксперттери жана | 2025 | КМТУ/ эксперттер |

ДОКУМЕНТ ЭЛЕКТРОНДУК САНАРИП КОЛТАМГАСЫ МЕНЕН БЕКИТИЛГЕН

| | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|
| | | автономиясы боюнча потенциалын жогорулатуу | кызматкерлери тарабынан КЖ ББУнун финансылык автономиясы боюнча 400 өкүл окутулду | декабрь айына | |
| | | 2.3.3. КЖ ББУга финансылык автономияны киргизүү жана өнүктүрүү маселелери боюнча кызыкдар тараптарга консультация берүү | Көндүмдөрдү өнүктүрүү борборунун кызматкерлери тарабынан кызыкдар тараптарга методикалык колдоо жана консультациялар көрсөтүлдү | дайыма | КМТУ/ эксперттер |
| **3.** | **Акыркы этап: Кыргыз Республикасында КЖ ББУнун финансылык автономиясынын моделин алдыга жылдыруу** | | | | |
| 3.1 | КР КЖ ББУларында финансылык автономия моделин жайылтуу | 3.1.1. КЖ ББУнун финансылык автономиянын модели жөнүндө маалымдоо жана тажрыйбаны жайылтуу | Бардык КЖ ББУ маалымат алышты, алар өз ишмердүүлүгүнө финансылык автономия моделин киргизүү боюнча сунуштарды жана методикалык жардамдарды алышты | дайыма | КР ББжИМ/<br>КР КЖ ББУлары |
| | | 3.1.2. КЖ ББУнун финансылык автономиясынын моделдерин киргизүү жана колдонуу практикасын алдыга жылдыруу | Кыргызстандагы бардык КЖ ББУ финансылык автономия моделин билишет, түшүнүшөт жана колдонушат | дайыма | КР ББжИМ/<br>КР КЖ ББУлары |

ДОКУМЕНТ ЭЛЕКТРОНДУК САНАРИП КОЛТАМГАСЫ МЕНЕН БЕКИТИЛГЕН